Биз тандаган бул сүйүү жолунда,
Илинбей тагдырдын торуна,
Таалайым бир сенин колуңда.
Байкалбай көлөкөң болоюн,
Багыңа булбулдай коноюн,
Сен сүйгөн обонду созоюн.
Кайырма:
Сүйүүнүн сыры,
Махабат ыры.
Жыпар гүл бул жыты дайым аңкыган!
Сен жана мен — бир жүрөк,
Мен жана сен — бир сүрөт,
Ал сүрөттөгү жүрөк!
Арзуум менин ашып-ташкан кенен дайра,
Азыр көрсөм деле көргүм келет кайра.
Үшүсөң жылуу нур күн болом,
Чарчасаң мемиреп түн болом,
Кубансаң кубанычка толом.
Кайырма